# 2022-жылдын 15-декабрындагы № 737-VII Бишкек шаарындагы абанын булганышынын деңгээлин төмөндөтүү боюнча чаралар жөнүндө

Бишкек шаарындагы абанын булганышынын деңгээлин төмөндөтүү боюнча чаралар жөнүндө Кыргыз Республикасынын Жаратылыш ресурстары, экология жана техникалык көзөмөл министрлигинин жана Бишкек шаарынын мэриясынын маалыматын угуп жана талкуулап, Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңеши **токтом кылат:**

1. Кыргыз Республикасынын Жаратылыш ресурстары, экология жана техникалык көзөмөл министрлигинин жана Бишкек шаарынын мэриясынын маалыматтары эске алынсын.

2. Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин Агрардык саясат, суу ресурстары, экология жана регионалдык өнүктүрүү боюнча комитетинин 2022-жылдын 28-февралындагы №6-3999/22 чечими Кыргыз Республикасынын Жаратылыш ресурстары, экология жана техникалык көзөмөл министрлиги жана Бишкек шаарынын мэриясы тарабынан толук көлөмдө аткарылбаганы белгиленсин.

3. Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети:

- турак жайларды жылытуу, биринчи кезекте Бишкек шаарынын жана жаңы калктуу конуштардын жашоочуларына газ жабдууларын орнотуу максатында “РСК Банк” ААКсына, “Айыл Банк” ААКсына “Газпром Кыргызстан” ЖЧК компаниясы менен биргеликте кыска мөөнөттө жеңилдетилген насыяларды берүү механизмдерин иштеп чыгуу тапшырылсын. Жеңилдетилген насыя алган абоненттер үчүн жаратылыш газын пайдалануу үчүн баага насыя боюнча төлөмдөрдү киргизсин;

- керектөөчүлөрдүн санынын өскөнүнө байланыштуу Кыргыз Республикасын газ менен камсыз кылуунун жана газдаштыруунун башкы схемасынын

жоболоруна ылайык Бишкек шаарына жакын жайгашкан калкутуу конуштарды газдаштырууну кеңейтүү жана 2025-жылы газ чарба объекттерин пайдаланууга берүү менен газдаштыруунун мөөнөттөрүн которуу жөнүндө маселени карасын;

- таштандыларды кайра иштетүүчү ишкананын курулушуна бөлүнгөн 22 млн. АКШ доллар көлөмүндөгү каражаттарды максаттуу пайдалануу маселесин иликтесин жана анын жыйынтыгы боюнча тиешелүү чараларды көрсүн;

- мамлекеттин менчигинде турган социалдык объекттердин (окуу жайлар, ооруканалар, интернаттар ж.б.) жана электр энергиясынан башка жылытуу системасы жок көп кабаттуу үйлөрдүн электр энергиясын керектөө үчүн айына белгиленген 700 кВт саат лимитин алып салсын жана аларга 1 кВт саат үчүн 77 тыйын тарифин бекитсин;

- Бишкек шаарында абанын булганышынын деңгээлин төмөндөтүү боюнча кечиктирилгис чараларды көрсүн, атмосфералык абанын булганышын азайтуу боюнча долбоорлорду финансылык колдоо үчүн инвестицияларды тартуу боюнча иштерди активдештирсин;

- республикага К5 классынан төмөн бензинди киргизүүгө жана Бишкек шаарында сатууга тыюу салуу боюнча чараларды көрсүн;

- Кыргыз Республикасына ташылып келүүчү электр жана гибриддик кыймылдаткычтуу автотранспорт каражаттары үчүн бажылык жана салыктык өзгөчө преференцияларды узартуу жөнүндө маселени карасын;

- Бишкек шаарындагы атмосфералык абанын сапатын 2024-2025-жылдарга карата Дүйнөлүк саламаттыкты сактоо уюму тарабынан аныкталган абанын сапаттык орто көрсөткүчтөрүнө шайкеш келтирүү боюнча тиешелүү чараларды көрсүн;

- Бишкек шаарындагы абанын булганышынын адамдын ден соолугуна тийгизген таасири жөнүндө илимий-изилдөө иштерин жүргүзсүн;

- мурда колдонулган катализаторлорду Кыргыз Республикасынын аймагынан алып чыгууга (экспорттоого) тыюу салууну узартсын;

- Кыргыз Республикасында абанын сапатын жакшыртуу боюнча долбоор үчүн Дүйнөлүк өнүктүрүү банкы тарабынан берилген 50 млн. АКШ доллары

өлчөмүндөгү насыялык каражаттарды натыйжалуу жана максаттуу пайдаланууну камсыз кылсын;

- Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин Агрардык саясат, суу ресурстары, экология жана регионалдык өнүктүрүү боюнча комитетинин 2022-жылдын 28-февралындагы № 6-3999/22 чечимин аткарбаганы үчүн тиешелүү мамлекеттик органдардын жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын жетекчилерин жоопкерчиликке тартсын.

4. Кыргыз Республикасынын Саламаттык сактоо министрлиги Бишкек шаарында жана Чүй областында атмосфералык абанын булганышынан келип чыккан дем алуу органдарынын ооруларынын, онкологиялык оорулардын, артериалдык гипертензия ооруларынын санынын көбөйүшү менен күрөшүү боюнча планды иштеп чыксын, мындай оорулардын санынын көбөйүшүн болтурбоо максатында дайыма мониторинг жүргүзсүн.

5. Кыргыз Республикасынын Жаратылыш ресурстары, экология жана техникалык көзөмөл министрлиги жана Бишкек шаарынын мэриясы:

- Бишкек шаарынын таштанды полигонунда турмуш-тиричиликтин катуу калдыктарын өрттөө жолу менен жок кылууга тыюу салсын, ошондой эле 2023-жылы Бишкек шаарында таштандыларды кайра иштетүүчү заводду куруу боюнча ишти тездетсин;

- мончо комплекстеринин жана өнөр жай ишканаларынын ишине контролду күчөтсүн, ошондой эле өндүрүштө катуу отунду (көмүр) жана курчап турган чөйрөгө зыян алып келүүчү отундун башка түрлөрүн колдонуп жаткан отканаларга, мончо комплекстерине жана өнөр жай ишканаларына ыш газдарын тазалоо системасын орнотуу боюнча чараларды көрсүн;

- каучукту, резинаны, тигүүчү материалдардын калдыктарын жана жаратылышка зыян келтирүүчү синтетикалык калдыктарды жагууга тыюу салууга контролду күчөтсүн;

- Бишкек шаарынын ЖЭБинин жылытуу казандарын газга өткөрүү боюнча маселени чечүүнү тездетсин;

- Бишкек шаарынын ЖЭБине (күлдүн жана шлактын деңгээлинин жол берилген ченемин эске алуу менен) сатып алынган жана колдонулуп жаткан көмүрдүн сапатын контролдоону күчөтсүн;

- калктуу конуштардагы жеке сектордун жылытуу системаларын газдаштыруу, электр энергиясы, күн батареялары менен жылытууга өткөрүү маселесин тездетсин;

- автотранспорттун катализаторлорун кабыл алуу пункттарына тыюу салуу жөнүндө ченемдик укуктук актыларды киргизсин;

- автотранспортту катализаторсуз пайдаланууга тыюу салууга көзөмөлдү жүзөгө ашырсын;

- Бишкек шаарын жашылдандыруу боюнча иштерди туруктуу негизде жүргүзсүн;

- Бишкек шаарындагы ирригациялык системаны (каналдарды, лотокторду) калыбына келтирсин жана тамчылатып сугаруу системасын бардык жерде жайылтсын;

- абанын булганышынын экономикага тийгизген терс таасирин аныктоо максатында тиешелүү изилдөөлөрдү жүргүзсүн.

6. Бишкек шаарынын мэриясы, Кыргыз Республикасынын Өзгөчө кырдаалдар министрлиги жана Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетине караштуу Архитектура, курулуш жана турак жай-коммуналдык чарба мамлекеттик агенттиги:

- борбор калаанын участокторунда шамалдын багыттары эсепке алынбай көп деңгээлдеги имараттар жана турак жай комплекстери курулган фактыларды эске алуу менен ыштын пайда болушуна таасир этүүчү шамал багыттарынын бузулушун болтурбоо мүмкүнчүлүгүн кыска мөөнөттө изилдесин;

- шамалдын багыттарын эске алуу менен борбордо жаңы курулуш планын бекитсин;

- шаардын желдетилишин камсыз кылуучу шамалдын багыты жүрүп турган участоктордо көп кабаттуу имараттардын курулушуна тыюу салсын;

- көп кабаттуу турак үйлөрдүн жана имараттардын чатырларын жашылдандыруу боюнча тиешелүү стандарттарды жана механизмдерди иштеп чыксын.

7. Ушул токтомдун аткарылышынын жүрүшү жөнүндө Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешине 2023-жылдын 24-апрелине чейин маалымат берсин.

8. Ушул токтом аткарылбаган учурда айлана-чөйрөнү коргоо, экология жана климат, токой чарбасы, экологиялык коопсуздуктун талаптарынын сакталышын контролдоо жана көзөмөлдөө чөйрөсүндөгү саясатты жүргүзүү маселелерин координациялаган Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин Төрагасынын орун басарынын жоопкерчилиги каралсын.

9. Ушул токтомдун аткарылышын контролдоо Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин Агрардык саясат, суу ресурстары, экология жана регионалдык өнүктүрүү боюнча комитетине, Отун-энергетикалык комплекс, жер казынасын пайдалануу жана өнөр жай саясаты боюнча комитетине, Транспорт, коммуникациялар, архитектура жана курулуш боюнча комитетине, Бюджет, экономикалык жана фискалдык саясат боюнча комитетине, Социалдык саясат боюнча комитетине жүктөлсүн.

**Төраганын орун басары** **Н.О. Сыдыгалиев**

**от 15 декабря 2022 года № 737-VII О мерах по снижению уровня загрязнения воздуха в городе Бишкек**

Заслушав и обсудив информацию Министерства природных ресурсов, экологии и технического надзора Кыргызской Республики и мэрии города Бишкек о мерах по снижению уровня загрязнения воздуха в городе Бишкек, Жогорку Кенеш Кыргызской Республики **п о с т а н о в л я е т:**

1. Принять к сведению информацию Министерства природных ресурсов, экологии и технического надзора Кыргызской Республики и мэрии города Бишкек.

1. Отметить неисполнение в полном объеме решения Комитета по аграрной политике, водным ресурсам, экологии и региональному развитию Жогорку Кенеша Кыргызской Республики от 28 февраля 2022 года
№ 6-3999/22 Министерством природных ресурсов, экологии и технического надзора Кыргызской Республики и мэрией города Бишкек.

1. Кабинету Министров Кыргызской Республики:

- в целях отопления жилых помещений, в первую очередь, установки газового оборудования жителям города Бишкек и новых жилмассивов, поручить ОАО «РСК Банк», ОАО «Айыл Банк» совместно с компанией ОсОО «Газпром Кыргызстан» в кратчайшие сроки разработать механизмы предоставления льготных кредитов. Для абонентов, получивших льготный кредит, в цену за пользование природным газом включить выплаты по кредиту;

- в связи с ростом количества потребителей рассмотреть вопрос о расширении газификации жилмассивов, расположенных вблизи города Бишкека, в соответствии с положениями Генеральной схемы газоснабжения и газификации Кыргызской Республики и переноса сроков газификации с вводом в эксплуатацию объектов газового хозяйства в 2025 году;

- изучить вопрос целевого использования средств в объеме 22 млн долларов США, выделенных на строительство мусороперерабатывающего предприятия, и по результатам принять соответствующие меры;

- исключить лимит 700 кВтч в месяц, установленный на потребление электроэнергии для социальных объектов (учебные заведения, больницы, интернаты и другие) находящихся в государственной собственности, и многоэтажных домов, не имеющих других отопительных систем, за исключением электрической, и утвердить для них тариф 77 тыйынов за 1 кВтч;

- принять незамедлительные меры по снижению уровня загрязнения воздуха в городе Бишкеке, активизировать работу по привлечению инвестиций для финансовой поддержки проектов по уменьшению загрязнения атмосферного воздуха;

- принять меры по запрету ввоза в республику и продаже в городе Бишкеке бензина класса ниже К5;

- рассмотреть вопрос о продлении таможенных и налоговых преференций для ввозимых в Кыргызскую Республику автотранспортных средств с электрическими и гибридными двигателями;

- принять соответствующие меры по приведению качества атмосферного воздуха в городе Бишкеке в соответствие с средними показателями качества воздуха, определенными Всемирной организацией здравоохранения, к 2024-2025 году;

- провести научно-исследовательские работы о влиянии загрязнения воздуха в городе Бишкеке на здоровье человека;

- продлить запрет на вывоз (экспорт) с территории Кыргызской Республики бывших в употреблении катализаторов;

- обеспечить эффективное и целевое использование кредитных средств в размере 50 млн долларов США, предоставляемых Всемирным банком развития для Проекта по улучшению качества воздуха в Кыргызской Республике.

- привлечь к ответственности руководителей соответствующих государственных органов и органов местного самоуправления за

неисполнение решения Комитета по аграрной политике, водным ресурсам, экологии и региональному развитию Жогорку Кенеша Кыргызской Республики от 28 февраля 2022 года № 6-3999/22;

1. Министерству здравоохранения Кыргызской Республики разработать план по борьбе с болезнями дыхательных путей, увеличением количества онкологических заболеваний, артериальной гипертензией, вызванными загрязнением атмосферного воздуха в городе Бишкеке и Чуйской области, вести постоянный мониторинг в целях предотвращения увеличения роста таких заболеваний.

5. Министерству природных ресурсов, экологии и технического надзора Кыргызской Республики и мэрии города Бишкек:

- наложить запрет на утилизацию твердых бытовых отходов путем сжигания на мусорном полигоне города Бишкек, а также ускорить работу по строительству мусороперерабатывающего завода в городе Бишкек в 2023 году;

- усилить контроль за работой банных комплексов и промышленных предприятий, а также принять меры по установке системы очистки дымовых газов в котельных, банных комплексах и промышленных предприятиях, использующих в производстве твердое топливо (уголь) и другие виды топлива, наносящие вред окружающей среде;

- усилить контроль за соблюдением запрета на сжигание каучука, резины и синтетических отходов, наносящих вред природе;

- ускорить решение вопроса по переводу на газ отопительных котлов ТЭЦ города Бишкек;

- усилить контроль за качеством приобретаемого и используемого угля на ТЭЦ города Бишкек (учитывая допустимую норму уровня зольности и шлака);

- ускорить вопрос газификации частного сектора населенных пунктов, перевода на отопление с использованием электроэнергии, солнечных батарей;

- внести нормативные правовые акты о запрете пунктов приема автотранспортных катализаторов;

- осуществлять надзор за запретом эксплуатации автотранспорта без катализатора;

- проводить на постоянной основе работы по озеленению города Бишкек;

- восстановить ирригационную систему (каналы, лотки) в городе Бишкеке и повсеместно распространять систему капельного орошения;

- в целях определения негативного влияния загрязнения воздуха на экономику страны провести соответствующие исследования.

6. Мэрии города Бишкека, Министерству черезвычайных ситуаций Кыргызской Республики и Государственному агентству архитектуры, строительства жилищно-коммунального хозяйства при Кабинете Министров Кыргызской Республики:

- учитывая сложившийся факт застройки участков столицы многоуровневыми зданиями и жилыми комплексами без учета розы ветров, в кратчайшие сроки изучить возможность предотвращения нарушения ветровых потоков, влияющих на образование смога;

- утвердить новый план застройки столицы с учетом розы ветров;

- запретить застройку многоэтажными зданиями участков, через которые осуществляется движение ветровых потоков, обеспечивающих проветриваемость города;

- разработать соответствующие стандарты и механизмы по озеленению крыш многоэтажных жилых домов и зданий.

7. Представить Жогорку Кенешу Кыргызской Республики информацию о ходе исполнения настоящего постановления до 24 апреля 2023 года.

8. В случае неисполнения настоящего постановления рассмотреть ответственность заместителя Председателя Кабинета Министров Кыргызской Республики, координирующего вопросы проведения политики в сфере охраны окружающей среды, экологии и климата, лесного хозяйства, контроля и надзора за соблюдением требований экологической безопасности.

9. Контроль за исполнением настоящего постановления возложить на Комитет по аграрной политике, водным ресурсам, экологии и региональному развитию, Комитет по топливно-энергетическому комплексу, недропользованию и промышленной политике, Комитет по транспорту, коммуникациям, архитектуре и строительству, Комитет по бюджету, экономической и фискальной политике, Комитет по социальной политике Жогорку Кенеша Кыргызской Республики.

**Заместитель Торага** **Н.О. Сыдыгалиев**